**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**ОКУМУШТУУЛАР КЕҢЕШИ**
**№1 жыйындын протоколу**

**Дата: 02.02.2015.**
**Убакыт: 14.00.**
**Бөлмө: Конференц-зал**

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. **Окумуштуулар кеңешинин 2015-жыл үчүн иш планын бекитүү.**

Б.Б.Мурзаибраимова

2. **Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептери үчүн Базистик окуу планын бекитүү жөнүндө.**

А.Мамытов

3. **Кыргыз билим берүү академиясында ишке ашырылып жаткан кесиптик жогорку билим берүүнүн программалары боюнча ички аттестациялык экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө.**

Д.Б.Бабаев

4. **Бүтүрүүчү изденүүчүлөрдүн отчету(**А.Э.Качиева, А.Г.Фатнева, М.Р.Мыкыева).

Б.Бейшенбаева

5. **Кол жазмаларды бекитүү.**

**5.1.** «Мектепке чейинки мекемелерде балдарды «Манас» эпосунун негизинде тарбиялоонун концепциясы» (авт.: Сейдекулова К.С., Кушбекова Ш. К.).

**5.2.** "Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери". 1-класстын окуучулары үчүн окуу куралы (авт.: Токтобаева Г.Д.) (программага салыштырып, карап чыгып, жыйынтыгын айтуу М.Т.Иманкуловага тапшырылган).

**5.3.** Айгөлөк", бөбөктөр үчүн хрестоматия (авт.: Алыбаева Т.О)

А.Д.Токтомаметов

**5.4.** Жаныбарлар дүйнөсүндөгү кызыктуу көрүнүштөр" (түзгөн: А.Низамиев). (*Кол жазма 2014-ж. 22-октябрда «Кызыктуу жаныбарлар» деген аталышта келип түшкөн, көлөмү* ***6*** *б.т. 25-декабрда ТМП лабораториясында жактырылып, бекитүүгө сунушталган. Окумуштуулар кеңеши 29-декабрда кол жазманын аталышын дагы тактоо үчүн кайтарган. Аталышын автор манен рецензент тактап, сунушташты).*

**5.5.** «Класстык тарбия сааттардын жана класстан тышкары иш чаралардын иш пландары. Жалпы билим берүүчү мектептерде 9,10,11- класстарда эмгектенген класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмо». Авторский коллектив: Жумабаева Г.А., Карагозуева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А.С., Шабданова Т.Т. при финансовой поддержке ЮНИСЕФ

К.Д.Добаев

6. **Изденүүчү Р.У.Исаеванын 1992-жылы бекитилген диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугун жана аталышын тактоо.**

Син Е.Е.

**А.Мамытов:** Урматуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү, отурумду баштоого кворум бар. Күн тартиби менен таанышсыздар. Ким бекитилген маселелер боюнча отурумду баштоого макул болсо, добуш берсеңиңиздер. Макул баары. Отурум күн тартиби боюнча улантылды.

1. **Окумуштуулар кеңешинин 2015-жыл үчүн иш планын бекитүү.**

**Угулду:**Окумуштуу катчы Б.Мурзаибраимованын билдирүүсү. Ал Окумуштуулар кеңешинин 2015-жыл үчүн түзүлгөн планынын долбоору менен катышуучуларды кыскача тааныштырды (ишпландын долбоору окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө алдын ала таратылып берилген).

**А.Мамытов:** Иш план колуңуздарда бар да э? Карап чыккан болсоңуздар, кимде кандай суроо-сунуш бар?

**Д.Бабаев:** Дурус эле түзүлүптүр. Беките берүүгө болот.

**А.Мамытов:** Конференциянын уюштуруу комитетин түзүү каралганбы?

**Окумуштуу катчы:** Ал боюнча аппараттык жыйында тапшырма берилген, жыйынтыгын кийинки аппараттык отурумда беришет го.

**А.Мамытов:** Бул илимий конференция да. Анын уюштуруу комитетин, планын окумуштуулар кеңешинде бекитишибиз керек. Кийинки отурумга койгула.

Башка алымча-кошумчалар жок болсо, Окумуштуулар кеешинин 2014-жыл үчүн иш планын бекители. Макул болгон жолдоштор добуш бериидер. "Макул" – баары, "каршы", "калыс" – жок. Кабыл алынды.

Добуш берүүнүн негизинде Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:

КББАнын Окумуштуулар кеңешинин 2015-жыл үчүн иш планы бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**2. Утверждение базисного учебного плана для общеобразовательных школ Кыргызской Республики.**

**Слушали** выступления А.Мамытова: Уважаемые члены Ученого совета! Решением коллегии МОиНКР от 30 декабря 2014 года Управлению дошкольного, школьного и внешкольного образования (Усеналиев М.) совместно с Кыргызской академией образования (Мамытов А.) поручено внести в марте 2015 года на коллегию министерства проект Базисного учебного плана для общеобразовательных организаций КР, основанный на Государственном образовательном стандарте среднего общего образования, утвержденный постановлением Правительства Кыргызской Республики от 21 июля 2014 года № 403.

Во исполнение вышеуказанного поручения рабочей группой КАО разработан проект БУП, проведен круглый стол с участием заинтересованных сторон, сотрудников КАО, представителей педагогической и научной общественности, а также международных организаций (21 января 2015 года). С учетом замечаний и предложений, высказанных на круглом столе, рабочая группа доработала проект БУП и вносит на рассмотрение Ученого совета указанный документ.

На нашем круглом столе представители международных проектов заявили о своем неудовлетворении нашим проектом. В частности отмечено его несоответствие Программе по переходу Кыргызской Республики к устойчивому развитию на 2013-2017 гг. (Коротенко В.). Для справки скажу, что в разделе 1.2. «Общее видение и специфика перехода КР к устойчивому развитию» отмечено, что центром и конечной целью такого развития становится человек или социальное развитие». Что касается вопросов развития образования (раздел 4.2) в качестве ключевых проблем устойчивого развития определено 6 направлений:

- «доступность и качество школьного образования» с акцентом на расположение инфраструктуры школ;
- «профессиональная ориентация образования и переход на компетентностный подход»;
- улучшение взаимодействия органов управления образованием и образовательных организаций и МСУ;
- внедрения инклюзивного образования;
- реформирование контрольно-надзорных институтов в области образования;
- и организация системного мониторинга качества предоставляемых образовательных услуг.

Хочу отметить, что наш проект и ключевые идеи, заложенные при его разработке, не противоречат вышеуказанной цели программного документа и избранным направлениям деятельности по устойчивому развитию страны. Более того, ни все проблемы, отмеченные в программе, должны решаться на уровне Базисного учебного плана. Поэтому обвинение отдельных участников круглого стола считаю необоснованным.

На круглом столе Вы слышали, что представители Центра социальной интеграции (Глушкова М.) обещали подготовить альтернативный вариант БУП и провести презентацию в начале февраля с.г. Это означает, что могут быть два сценария развития событий: первый - министерство рассмотрит и утвердит БУП, подготовленный КАО, и второй - будет утвержден вариант международных доноров. В случае сильного расхождения ключевых идей, заложенных в будущих проектах, мы должны заявить о том, чтобы соответствующую ответственность несли структуры, которые подготовили эти документы. В противном случае будет нарушена логика даваемых поручений и их реализация в жизнь.

Основные параметры нового проекта БУП многим из Вас известны, проект БУП роздан и, если нет принципиальных возражений, то ученый совет мог бы принять решение об одобрении проекта БУП и его направлении в Управление дошкольного, школьного и внешкольного образования для внесения в установленном порядке на рассмотрение коллегии министерства.

Еще о профилизации старшей школы мы договорились таким образом, оно по количеству соответствовать образовательным областям и подходы в часах должны быть одинаковыми. И были некоторые детализация моментов.

Наверное, Елисей Елисеевич, несколько слов вы скажете о доработки после обсуждения.

**Е.Е.Син:** Спасибо. После доработки проекта учебного плана мы роздали всем заведующим лабораториям, с начала первоначальный макет учебного плана, потом варианта после доработки. Там были указаны часы и процентные соотношения трех компонентов БУП. В разработке учебного плана мы соблюдали все принципы и требований школьного Госстандарта, который утвержден постановлением Правительства, касающегося учебного плана.Из четырех разделов Госстандарта 21 пункт посвящен именно к составлению учебный план. Ни одного пункта мы не нарушили.

Но, были в учебном плане определенные особенности, т.е. вначале мы планировалиприспособить предыдущей модели учебного плана, который мы разработали с сокращением часов 2 года назад, к настоящему. Но, получилась, что платформа, позиция учебного плана совершенно изменилась с выходом Госстандарта.

Поэтому, у нас были такие принципы: 1) охват трех уровни образования (начальная, основная и средняя ступени) со всеми областями образования; 2) мы соблюдали в процентном отношении этих областей; 3) мы старались выделить, как распределена в Госстандарте-школьный компонент с 1 по 7 10%, для 8-9 и 10-11 классов по 20%; 4) и в Госстандарте были даны предельная и недельная учебные нагрузки в часах. Все это строго соблюдены и нами.

Далее, особенность в том, в действующем учебном плане есть 25 предметов, а в новом учебном плане их всего лишь 19, т.е. лишено почти семи предметов и появились новые тенденции. Например, в социальной области сокращено история Кыргызстана и мировая история соединились в «историю», а также появилось предмет «граждановедение». Если «естествознание» был только в 5-и классе, то теперь идет с 1 по 5 класса по 1 часу. В области технологии исчезла «информатика», появилась «компьютерная грамотность». Если музыка раньше была с 1 по 7 класса по 1 часу, то теперь с 2 по 4 класса по 2 часов, но я посмотрел по интернету, там имелась тенденция только сокращения.

Расписаны все эти часы, как в школьном компоненте, так и государственном, а также предметы по выбору. В результате появилась таблица 1, таблица 2, где дается анализ объема часов по трем компонентам, процентными соотношениями. Есть незначительные разницы, например,школьный компонент,вместо 10% стал10. 9%, государственый компонен–вместо 90% стал 80, 23% , предметы по выбору по Госстандарту 10%, у нас 9,8% и т.д.

А в таблице 3 даны годавая и недельная нагрузки и распределение их по классам, предметам, областям и компонентам. У меня все, спасибо за внимания.

**А.Мамытов:** Елисей Елисеевич, сразу скажу по цифровому анализу. В таблицу 3 надо будет дополнить информацией – что было и как стало. Допустим, что объем часов языковой области 46%, а раньше сколько был?

**Е.Е.Син:** Хорошо, добавлю, у меня есть такие сопастовления.

**А.Мамытов:** У кого какие вопросы?

**С.О.Байгазиев:**Елисей Елисеевич, вот в 8-м классе для кыргызской и русской литературы сделали по одному часу. В этом классе по кыргызской литературе изучается трилогия "Манас", т.е. "Манас", "Семетей", "Сейтек". И есть другие материалы по программе. Как быть? Придется "Манас" сокращать что-ли?

**Е.Е.Син:**Да, мы тоже хотели дать 2 часа для кыргызской литературы 8 класса как для остальных классов, но другого выхода нет, не могли убрать 1 час у другого предмета.

**К.Д.Добаев:**Елисей Елисеевич, у меня вопрос для уточнения. Вот годавая нагрузка 884 часов, 918, 986.. и т.д. А нас критикуют всегда из-за того, что у нас очень сильная нагрузка для учащихся?

**А.Мамытов:** Ответ готов сразу. Объем нагрузки не был снижен, потому что в стандарте не снизили. Мы были вынуждены поэтому делать.

**К.Д.Добаев:** Второй вопрос – по курсу по выбору. Для курса по выбору начиная с основной школы обычно дают 20, минимум 15%. А унас маловато?..

**Е.Е.Син:** У нас по Госстандарту для курсов по выбору часы даются только в 10-11 классах, в размере 10%.

**М.Т.Иманкулова:** Елисей Елисеевич, в начальной школе предмет "труд" убрали, это же один из важных предметов в начальной школе для развитиямелкой моторики и т.д. Нельзя ли в начальной школе вместо "компьютерной грамотности"назвать предмет "технология (труд и компьютерная грамотность)". Если оставим компьютерную грамотность отдельно, я сомневаюсь, что начальная школа будет обеспечена компьютерами, особенно в сельской местности.

**А.Мамытов:** Ответ такой, этот вопрос был в обсуждение БУП, в основном я выступал. Здесь задают вопросы те, кто не был на обсуждении. Такое название предмета в Госстандарте есть. Мы на этопосмотрели.

**М.Т.Иманкулова:** Ещё вопрос, Елисей Елисеевич, для начальной школы "граждановедение" нужно? Для начальной школы "Я и окружающий мир" хорошо подходит.

**А.Мамытов:** Об этом тоже был вопрос на обсуждении. В Госстандарте в таком контексте названия предмета нет, и меня заведующие двумя лабораториями убедили назвать "граждановедение", и иметь ввиду "родиноведение" и "человек и общества".

Мы прощлый раз заявили о том, что мы старались сохранить принцип преемственности: соблюдать от начала до конца – это раз; и предметы образовательной области везде, на всех уровнях присутствовали. Вот из этого вышло.

В Госстандарте и адеп, и естествознания нет.

**М.Т.Иманкулова:** Ещё, литература была языковой области. Согласно Госстандарту ее перевели вобразовательной области искусства.Но, подготовка кадров по языку и литературы вместе же. Здесь преемственность не сохранилось.

**А.Мамытов:** Да, подготовка кадров обобщенная, но мы неможем изменить стандарта. Госстандарт оказался спогрешностями. Я на обсуждении публично заявил о том, что к стандарту, которого берем в основу, мы, академия образования, отношение не имеем.

Тут же возразили: нет, это представлено академией. Спросили кем? Ответили – Марченко Л.Ю.

**М.Т.Иманкулова:** Она же сотрудник министерства, а не академии.

**А.Мамытов:** Этот вопрос не к нам. Оказывается, Л.Ю.Марченко представила Госстандарт от имени академии.

**И.Бекбоев, М.К.Иманкулов:** Она уже давно, почти 10 лет назад ушла из академии.

**М.Т.Иманкулова:** И ОБЖ убрали в область естествознаниии, потому что больше подходит туда. Моя диссертационная тема была связана с ОБЖ. Поэтому, мне придется возвращать в социальной педагогике.

**А.Мамытов:** Это ваша воля, могли бы доказать необходимости ОБЖ.

**С.Жаанбаев:** Мен да мурунку талкууда болбой калдым эле. Мына бу жерде астрономияны 11-класста физика менен эле чогуу бербейбизби, ал боюнча китеп деле жок да, астрономиянын мектептерде кандай окуганыңарды өзүңөр деле билесиңер. Ушуну чечип албайбызбы.

**Е.Е.Син:** Астрономия в Госстандарте стоит в отдельном пункте. Отдельный учебник есть по астрономии.

**Б.Мурзаибраимова:** Чогуу жазуу туура эмес, анда бир китеп жазыш керек болуп калат. Материалдар өтө көп, сүрөттөрү менен абдан көлөмдүү болуп кетет, аларды кантип физика менен бир китепке баткырууга болсун. Окуу китебинин жаңысы жакында эле басылып чыкты. Астрономия боюнча өзүнчө дүйнөлүк олимпиадалар уюшулуп жатат, аны өзүнчө окутуу керек. Стандартта деле өзүнчө предмет катары турбайбы.

**С.О.Байгазиев:** Мен негизи адабиятты бириктирип жазган мындай Мамлекеттик стандартка, аны бекиткен Өкмөттүн токтомуна каршымын. Кыргыз адабияты өзүнчө предмет катары өзүнчө тилкеде турушу керек.

**А.Мамытов:** Сейит Жаанбаевич, стандартты оңдоонун механизми башка. Өкмөткө кайрылыш керек, бул убакытты талап кылат. Бул бир. 2-ден, Фариза Тыныстанова да официально айтты, стандартты 5 жылдын ичинде оңдоого болбойт деген пункт бар.

Дагы кандай суроолор бар? Болдубу суроолор?

**С.О.Байгазиев:** Кыргыз адабиятын өзүнчө бөлүп жазмайын, мен бул окуу планды колдой албайм. Мурда адепке байланыштуу маселе боюнча министрликтин алдына адамдар "Байгазиев кетсин", "Иптаров кетсин" деген плакаттары менен келишип, телевизордон да чыгышкан. Кыргыз адабияты үчүн дагы ошондой көрүнүштүн кайталанышын каалабайм.

Мен дагы кайталап айтып коёюн, академияга тиешеси жок документти бекитип, кыргыз адабияты менен орус адабиятын бир "адабиятка" бириктирип жазылган стандартка, аны бекиткен Өкмөттүн токтомуна каршымын. Бул окуу планга негизинен макул болгонум менен, бирок кыргыз адабиятын кошуп жазып койгону үчүн колдобойм.

Анан, окумуштуу катчыга суроом бар, күн тартибине бул маселени С.Байгазиев алып чыгат деп жазып коюпсуңар го. Эмнеге?

**Окумуштуу катчы:** Жалпы талкууда жыйынды алып барышканыңыз үчүн талкуунун жыйынтыктары менен сизди тааныштырса дегенбиз. Эми оңдоп коёмун.

**С.О.Байгазиев:** Оңдоп койгула. Эмнеге мен алып чыгышым керек эле, өзүм бул окуу планга каршы болуп жатсам, протоколго кол койбосом.

**А.Мамытов:** Эми мындай, ич ара талаша берсек, варианттары көп, башка варианттардын утуп кетүү сценарийи да көрүнүп турат. Бул эми идальный вариант эмес. Бекитип берип туралы, анан сайтка илебиз дейт, чоң презентация да болот дешкен. Алардын баары эле менин мойнума түшөт го деп турам. Академияда даярдалды десе мен вице-президентти же Е.Е.Синди жибергеним ыңгайсыз болот, ошон үчүн өзүм алып чыгайын дедим. Жакшысын да, жаманын да көрөйүн.

Анан, эртеге 4-февралда Эл аралык долбоорлордун даярдаган вариантынын презентациясына баарыңыздар келип бериңиздер. Адис катары объективдүү, өтө намысына тийбеген суроолорду берип, жакшылап талдап берсеңиздер. Алар 2-3 нерсеге эле басым жасайт, менин байкоомо караганда. Биринчиси, "Естествознаниенин" 5–7-класстарга киришин коргойт, экинчиси, "Мировая художественная культура"га басым жасалат. Үчүнчүсү, майда-чүйдө эле болсо керек, принципиалдуу жаңы окуу планы болоруна көзүм деле жетпейт. Эгер аларды киргизүүнү настаивать этишсе, программасын ким жазат? окуу китебин жазгыдай адис барбы? ким окутат? - деген суроолор келип чыгат.

**И.Бекбоев:** Алардын бардыгы болгон күндө да андай предметтер тандоосу боюнча киргизилиши керек, предмет по выбору болуп. Ким кааласа окуй берсин, жалпы мектептерге сунуштоого болбойт.

**М.Т.Иманкулова:** Биздин варианттагы 1-класстан 4-класска чейинки естествознание кайдан келди?

**А.Мамытов:** Ал мекен таануунун ордуна болду. Мекен таануу адептин, граждановедениенин, табигый билимдердин материалдарын, адам жана коомду аралаштырып алган ортодогу предмет болуп калган.

**А.Токтомаметов:** Азыр ал материалдар табиятка тиешелүүсү табият таанууга, адамдын социалдашуусуна байланышканы граждановедениеге киргизиле турган болду.

**С.К.Рысбаев:** Елисей Елисеевич, өткөндө сиздин кабинетте отуруп Кыргыз адабияты менен Русская литератураны өзүнчө эки тилке менен менен берели деп макулдашпадык беле,кайра эмне дроб менен бир тилкеге жазылып калган? Мындай болбойт да.

**А.Мамытов:** Эмнеге кол койдуңар анда, жакшылап карабайт белеңер. Бул өтө жанын үрөп, кызыгып иштебегендин кесепети болуп жатат.

**С.К.Рысбаев:** Сүйлөшүп чыккандан кийин оңдодум деп алып келсе, мен ишениптирмин да. Эмне мындай сөзгө турбайсыз, Елисей Елисеевич? (долбоорду аны көздөй ыргытып жиберди).

**Е.Е.Син:** Сиздин алдыңызда бир жумадай жатты го. Анан кол коюп бердиңиз.

**А.М.Мамытов:**Сулайман Казыбаевич, мен расмий түрдө сизге эскертүү берем, биз даярдаган документти ыргытканыңыз үчүн. Ученый совет жакпаса, арызыңызды жазып чыгып кетиңиз. Макулдашсак, мен кайра ушинтип жаз дептирминби. Оңдоп койсо болот да ыргытпай эле. Оңдоп, кол коюп бергиле. Бирок, документти ыргытпагыла. Мындай болойт.

**А.Мамытов:** Талкууга өтөлү, кимде кандай сунуш бар?

**К.Жунушалиева:** Окуу планынын ушул вариантын 1-вариант катары бекитүүгө сунуштайм.

**М.Т.Иманкулова:** Бекитип алалы. Анан, инклюзивдик билим берүүнү программаларга киргизип койсо болот.

**И.Бекбоев:** Биздин долбоорду даярдаган адистердин айтканын түшүнүшсө болот. Даяр маселеге сын айтуу оңой, бирок, ошол материалды даярдоо тозок да. Мында Елисей Елисеевич мен жасап берейин деп суранып барган жок Абакир Мамытовичке.

Бул жерде Өкмөттүн токтому бизди калыпка салып салды. Ушунун негизинде түзгүлө деп жатат. Эми болору болуп, боёсу канды. Биз карап жаткан учебный планда табигый-математикалык предметтер өтө катуу кыскарууга учураган. Мурда 50-50 болчу. Азыр 25% гана калыптыр. Технологиялык, инженердик кадрларды естественно-математический предметтер даярдамак.Эми мына карайлычы. Кумтөр маселесин. Технологиялык сабатсыздыктын айынан Кумтөр боюнча соттон жеңилип, миллиондорго чыгым болуп жатабыз. Ошентсе да биз, унчукпай олтурабыз. Муну моюнга алыш керек.

Бул окуу планды массалык мектептерге киргизерден алдын, азыраак мектептерде эксперимент жасап көрүш керек.

Мисалы, мына музыка көбөйдү бирок, башталгыч класс мугалими нотаны билбейт. Компьютер кирди, аны башталгыч класстын окуучусу оюн катары гана колдонбосо, эч пайдасы жок. Муну негизинен бекитип, анан пилоттук мектептерде гана сынаш керек. Муну жалпы мектептерге дароо чыгарган чыккынчылык кылгандык болуп калат.

Анан, нервге таасир этпей, бири-бирибизге сыйыраак мамиледе бололу.

**С.О.Байгазиев:** Исак Бекбоевич, мына математика 4 сааттан болуп келатат, аты аталып турат. Кыргыз адабиятынын деле сааты кыскарса кыскара берсин эле, өзү кыскарбаш керек эле да.

**И.Бекбоев:** Математиканы өзүнчө билим берүү областы кылып мен жазган жокмун да.

**А.Мамытов:** Эми, пикир калыптанып калды. Исак Бекбоевич пикирин айтты. Өткөндө да 2-3 саат талкуу болду эле, кайра дагы созо бербейли, Елисей Елисеевичке раазычылык билдирели да, долбоорду беките берсек. Кандай дейсиздер.

**Жооп:** Туура.

**А.Мамытов:** Анда, талкууланган окуу планынын долбоорун бекитүүгө макул болгон жолдоштор добуш берсеңиздер.

“Калыс” – бирөө, “Макул” – калган баары. “Каршы” – жок. Кабыл алынды.

В результате обсуждения и голосования **Ученый совет КАО постановляет:**

1. Одобрить проект базисного учебного плана для общеобразовательных школ Кыргызской Республики.
2. Рекомендовать проекта базисного учебного плана для общеобразовательных школ Кыргызской Республики в Министерство образования и науки КР на предмет утверждения.

*Постановление принято единогласно.*

**3. Кыргыз билим берүү академиясында ишке ашырылып жаткан кесиптик жогорку билим берүүнүн программалары боюнча ички аттестациялык экспертиза жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө.**

**Угулду:** Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо борборунун директору, профессор Д.Б.Бабаевдин билдирүүсү. Ал өзүнүн сөзүндө ички аттестация жүргүзүүнүн жыйынтыктарына кеңири токтолду.

**А.Мамытов:** Анда, жыйынтыгын кабыл алалы, белгиленген кемчиликтердин үстүнөн К.Д.Добаев, Э.Р.Сакимбаев менен биргеликте иштешсин дейли. Макул болгондор добуш бериездер. “Макул” баары, “каршы”, “калыс” – жок. Кабыл алынды.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** “Башталгыч класстарда билим берүүнүн педагогикасы”, “Мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы”, ”Кыргыз тили жана адабияты”, “Орус тили жана адабияты”, “Информатика” адистиктериндеги ички аттестациялык экспертизанын жыйынтыктары бекитилсин.

**2.** Кыргыз билим берүү академиясынын Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо борборунда ишке ашырылып жаткан төмөндөгү 3 багыт 5 адистик боюнча жогорку кесиптик билим берүү программаларын аттестациядан өткөрүү КР Билим берүү жана илим министрлигинен суранылсын:

550700 Педагогика (профилдер: “Башталгыч класстарда билим берүүнүң педагогикасы жана методикасы”, “Метепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы”)

550300 Филологиялык билим берүү (профилдер: ”Кыргыз тили жана адабияты”, “Орус тили жана адабияты”)

550100 Физика-математикалык билим берүү (профили: “Информатика”).

**3.** Д.Б.Бабаевге, А.Ж.Шергазиевге жана кафедра башчыларына ички аттестация мезгилинде көрсөтүлгөн кемчиликтерди КР билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жүргүзүлүүчү аттестация болгонго чейин түзөтүү боюнча тиешелүү иш чараларды иштеп чыгуу тапшырылсын.

**4.** Д.Бабаевге К.Д.Добаев, Э.Р.Сакимбаев менен биргеликте ички аттестациянын материалдарын аттестациялоонун жобосуна ылайыктап, андагы 16 пунктту жана окумуштуулар кеңешинде айтылган сунуштарды эске алуу менен тактап, министрликтин коллегиясына даярдоо жагы милдеттендирилсин.

**5.** Аталган чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө академиянын вице-президенти С.О.Байгазиевге жүктөлсүн.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**4. Бүтүрүүчү изденүүчүлөрдүн отчету** (А.Э.Качиева, А.Г.Фатнева, М.Р.Мыкыева).

**Угулду:** Аспирантура бөлүмү боюнча жооптуу адис Б.Бейшенбаеванын билдирүүсү. Ал бүгүнкү күндө академияда канча изденүүчү окуп жаткан, жетекчилери, кайсыл изденүүчү-аспиранттар быйыл бүтүрүүчү экендиги, алар кайсыл лабораторияларга

бекитилгендиги жана илимий изилдөөлөрү боюнча отчетторун кандай тапшырып жатышкандыгы, отчеттору илимий жетекчилери тарабынан текшерилип, колу коюлгандыгы ж.б. тууралуу маалымат берди (маалыматы тиркелет). Андан кийин берилген мөөнөт ичинде жүргүзгөн илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын баяндоо үчүн бүтүрүүчү изденүүчүлөргө сөз берилди.

Изденүүчү А.Э.Качиева, А.Г.Фатнева, М.Р.Мыкыеванын отчеттору (отчеттору тиркелет) угулду. Алар диссертациялык изилдөө иштери бекитилген өздүк пландар боюнча жүрүп жаткандыгы, эксперименталдык иштерди уюштурушуп, анын жыйынтыктарын чыгарышкандыгы, темалары боюнча республикалык жана чет элдик басылмаларга жарыяланган эмгектери, катышкан конференциялары, диссертациялык иштери канча көлөмдө жазылгандыгы ж.б. боюнча маалымат беришти.

Андан кийин Окумуштуулар кеңешинин бир нече суроолоруна жооптор алынды.

Окумуштуулар кеңеши быйылкы бүтүрүүчү изденүүчүлөрдүн отчетторунда мурдагыларга салыштырмалуу жылыштар, конкреттүү жыйынтыктар, аткарылган иштер бар экендигин белгилешти.

Талкуунун негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. КББАнын аспирантура бөлүмүн изденүүчүлөрү А.Э.Качиева, А.Г.Фатнева, М.Р.Мыкыеванын жыйынтык отчеттору эске алынсын.
2. Алардын изилдөө иштеринин жыйынтыктары канааттандырарлык деп табылсын жана академияда изденүү мөөнөттөрү аяктаганына байланыштуу тизмеден чыгарылсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5. Кол жазмаларды бекитүү.**

**5.1. «Мектепке чейинки мекемелерде балдарды «Манас» эпосунун негизинде тарбиялоонун концепциясы»** (авт.: Сейдекулова К.С., Кушбекова Ш. К.).

**Угулду:** Мектепке чейинки жана башталгыч мектепте билим берүү лабораториясынын башчысы А.Д.Токтомаметов “Мектепке чейинки мекемелерде балдарды «Манас» эпосунун негизинде тарбиялоонун концепциясы” тууралуу төмөнкүлөрдү билдирди:

Мектепке чейинки курактан баштап балдарды «Манас» эпосу менен тааныштыруу чоң мааниге ээ. Анткени “Манас” эпосунда кылымдардан бери сынактан өтүп, ооздон-оозго берилип жаткан өрнөктүү, элдик педагогиканын бай осуяттары: көркөм сөз, маданий көркөм чыгармачылык, таасирдүү таалим-тарбия үлгүлөрү сакталып келген.

“Манас” эпосу менен тааныштыруу аркылуу балдарды өз улуту, эли-жери, анын кооздугу менен тааныштырып, эли жерине болгон сүйүү сезимдерин, эстетикалык маданиятын тарбияласа боло тургандыгы концепцияда далилдүү белгиленет.

Мектепке чейинки мекемелерде балдардын ой-жүгүртүү, элестетүү, эске тутуу, таанып билүү жана чыгармачылык фантазиясын өркүндөтүүдө көркөм сөзгө болгон кызыгуусун калыптандырууда “Манас” эпосунун мааниси чоң экендиги да концепциянын мазмунунда так айтылат.

Концепцияны иштеп чыгуучулар балдар бакчасында балдарды «Манас» эпосу менен тааныштыруу боюнча андагы кызыктуу окуяларды окуп берүү, кыргыз эли, анын маданияты, жашоо-тиричилиги, тарыхы, баатырдык сапаттары, маданий дөөлөттөрү жана каада-салттары менен кенже курактан баштап тааныштыруу боюнча иш-чаралардын мыйзамдык-укуктук негиздерин туура беришкен. Балдар бакчасында «Манас» эпосу менен тааныштыруунун, тарбиялоонун жана аны турмушка ашыруунун милдеттери, мазмуну системалуу берилген. “Манас” эпосу аркылуу кенже курактан баштап балдардын улуттук, патириоттук аң-сезимдерин калыптандыруу, учурдагы жашоо-турмушу менен айкалышта берүү керектиги балдардын жаш курагына ылайык мазмунда сунушталган.

Таалим-тарбия иштери ата-эне, коомчулук менен бирдикте, жалпы окуу-тарбия иштери менен айкалышта уюштурулса, эли-жерин сүйгөн, өз эне тилин сыйлаган, мекенчил атуулдардын тарбияланышына чоң таасир этет.

**А.Мамытов:** Колдойлубу? Добуш бериңиздер анда. Кабыл алынды.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. «Мектепке чейинки мекемелерде балдарды «Манас» эпосунун негизинде тарбиялоонун концепциясы» (автор – Сейдекулова К.С., Кушбекова Ш. К., 6 б.) жактырылсын жана бекитилсин.

2. Кол жазма басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.2. "Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери".** 1-класстын окуучулары үчүн кошумча окуу материалы (авт.: Токтобаева Г.Д.).

**Угулду:** Мектепке чейинки жана башталгыч мектепте билим берүү лабораториясынын башчысы А.Д.Токтомаметовдун билдирүүсү.

Кошумча окуу материал 1-класс үчүн Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери боюнча программага ылайык түзүлгөн.

Анда турмуш-тиричилик коопсуздугу учурлары (өрт, эпидемия, жол кырсыгы, табигый кырсыктар, техногендик кырсыктар ж.б.) кыска-нуска, кызыктуу берилип, балдардын курагына ылайык сүрөттөр менен коштолот.

Андан сырткары, ысыкта, суукта, жамгырда өзүн этияттоо маселелери каралып, "сактануу чемоданчасы", шашылыш телефондор, коопсуздук эрежелери, жаныбарларга этият мамиле кылуу, өздүк гигиена тууралуу да сөз болот.

Кошумча окуу матералы окумуштуулар кеңешинде экинчи жолу каралууда. Биринчи каралганда эки сунуш берилген. Ал сунуштар аткарылды:

1. Автор дебестен, түзүүчү деп атоо.
2. Окуу куралы дебестен, кошумча окуу материалы деп атоо.

Лабораториядагы талкууда кол жазманын одолуп келген варианты жактырылды жана Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталды.

А.Д.Токтомаметовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Окумуштуулар кеңеши лабораториянын сунушун колдой турганын билдирди.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. "Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери" аттуу 1-класстын окуучулары үчүн кошумча окуу материалынын (түзүүчү: Токтобаева Г.Д.) кол жазмасы жактырылсын жана бекитилсин.

2. Кол жазма басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.3.** Айгөлөк", бөбөктөр үчүн хрестоматия (авт.: Алыбаева Т.О).

**Угулду:** Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү лабораториясынын башчысы А.Д.Токтомаметов аталган кол жазма тууралуу төмөнкүлөрдү билдирди:

Сунушталган кол жазмада орус тилдүү бакчаларда кыргыз тилин үйрөнүп жаткан балдар үчүн адабий-көркөм чыгармалар топтолгон. Түзүүчү Т.О.Алыбаева «Кыргыз тилин үйрөтүү» боюнча материалдарды мурда берилген пикирдин негизинде балдар бакчасынын программасынын талаптарына, бөтөн тилди үйрөтүүнүн максаттарына, өзгөчөлүктөрүнө ылайык иштеп чыккан. Сунушталган колдонмонун аталышына жана аннотациясына карата берилген сунуштар боюнча оңдоолор киргизилген. Кириш сөздүн мазмунунда бөтөн тилге үйрөтүүнүн өзгөчөлүгү, максаты, мазмуну жөнүндө материалдар илимий-методикалык негиздөөлөргө таянып берилген.

Балдардын жаш курактарына ылайык чыгармаларды тандоо, интерактивдүү методикалык ыкмаларды колдонуу менен чыгармаларды ролдорго бөлүштүрүү, сценалаштыруу, ырларды куплеттерге бөлүп айттыруу киргизилген.

Ар бир адабий жанрдын максаты, мазмуну жана балдардын жаш курагына ылайык түшүндүрүүнүн өзгөчөлүктөрү, колдолунуучу методикалык ыкмалар, илимий-методикалык мүнөздөмө, аны колдонуу боюнча сунуштар берилген. Педагогикалык негизги принциптерди эске алуу менен экинчи тилди үйрөтүүдө балдар үчүн тексттердин мазмуну түшүнүктүү:

кыска ырлар, табышмактар, бат айтмалар, жомоктор, аңгемелер менен толукталып, кыска-кыска бөлүктөргө бөлүнүп, ролдор боюнча берилген. Балдарга өз алдынча окуп берүү үчүн кошумча чыгармалар сунушталган.

Бөтөн тилди үйрөтүүнүн методикасына, орус группаларында кыргыз тилине үйрөтүү боюнча прогамманын талаптарына жана ар бир адабий жанрдын өзгөчөлүгүнө ылайык, методикалык колдонмонун ички түзүлүшү, мазмуну, чыгармалардын топтому кайрадан иштелип чыккан.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат**:

1. “Айгөлөк”, бөбөктөр үчүн хрестоматия (автор – Алыбаева Т.О.) аттуу кол жазманын мазмуну жактырылсын.
2. Кол жазма “Айгөлөк. Бөбөктөр үчүн чыгармалар жыйынагы” деген аталышта бекитилсин жана басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.4. Кызыктуу жаныбарлар. Биология боюнча кошумча окуу колдонмо** (түзгөн: А.Низамиев).

**Угулду:** Табигый - математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.д., доцент Син Е.Е. билдирүү жасады. Ал кол жазма лабораторияда талкуулангандыгын, ага расмий эксперт катары биология боюнча адис, п.и.д., доцент М.Субанова оң пикирин билдиргендигин айтты. Расмий эксперттин пикиринде кол жазманын окуу-усулдук колдонмолорго коюлган талаптарга жооп бергендиги, кол жазма орто мектептердин окуучулары үчүн “Жаныбарлардын биологиясы” курсун өздөштүрүү боюнча кошумча каражат катары кызмат кыла алары, анда биздин планетабызда таркалган жаныбарлардын түзүлүшүндөгү жана тиричилигиндеги, ошондой эле этологиялык жагдайындагы көнүмүш адаттардан сырткаркы кызыктуу материалдар берилгендиги белгиленген. Кол жазманы Биологиянын “Жаныбарлар курсу” бөлүмүнүн дээрлик бардык темаларында колдонууга болот. Материалдар окуучулардын ой чабытын мазмундук жактан кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

Өткөн окумуштуулар кеешинде кол жазма аталышын тактап келүү үчүн лабораторияга кайтарылган, анда жаныбарлардын бардыгында эле кызыктуу өзгөчөлүктөр болору, кызыксыз жаныбарлар болбой тургандыгы белгиленген.

Расмий эксперт жана лаборатория кол жазманы “Жаныбарлар дүйнөсүндөгү кызыктуу көрүнүштөр” деген аталышта бекитүүнү сунуштайт.

Окумуштуулдар кеңеши лабораториянын чечимине макулдугун билдиришти.

Жогоруда айтылгандардын негизинде **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

**1.** «Кызыктуу жаныбарлар” аттуу биология боюнча кошумча окуу колдонмонун (түзүүчү: А. Низамиев) кол жазмасы мазмундук жактан жактырылсын.

**2.** Кол жазма **“Жаныбарлар дүйнөсүндөгү кызыктуу көрүнүштөр”** деген аталышта бекитилсин жана басууга сунушталсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**5.5. «Класстык тарбия сааттардын жана класстан тышкары иш чаралардын иш пландары.** Жалпы билим берүүчү мектептерде 9,10,11-класстарда эмгектенген класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмо». Авторлор: Жумабаева Г.А., Карагозуева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А.С., Шабданова Т.Т.

**5.6. Угулду:** К.Д.Добаевдин билдирүүсү. Ал кол жазманын мазмununa жана ал боюнча лабораториянын корутундусуна кыскача токтолуп, кол жазманы бекитүүгө сунуштады.

**А.М.Мамытов:** Анда, Билим берүү менеджменти кафедрасына кошумча карап чыгууга кайтарылсын. Сунушка ким макул болсо добуш бериңиздер.

Талкуунун негизинде Окумуштуулар кееши токтом кылат:

"Класстык тарбия сааттардын жана класстан тышкары иш чаралардын иш пландары". Жалпы билим берүүчү мектептерде 9,10,11-класстарда эмгектенген класс жетекчилерге арналган методикалык колдонмо» (Авторлор: Жумабаева Г.А., Карагозуева Г.Ж., Воронина И.И., Егиналиева А.С., Шабданова Т.Т.) аттуу кол жазма Билим берүү менеджменти кафедрасына кошумча карап чыгууга кайтарылсын.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**6. Изденүүчү Р.У.Исаеванын 1992-жылы бекитилген диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугун жана аталышын тактоо.**

**Угулду:** Табигый-математикалык предметтер лабораториясынын башчысы, п.и.д., доцент Е.Е. Синдин билдирүүсү. Ал төмөнкүлөргө токтолду.

Изденүүчү Р.У.Исаева 1992-жылы Кыргыз билим берүү академиясына (кезинде институт) аспирантурага кабыл алынып, диссертациялык темасы 13.00.02.- окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (физика) адистиги боюнча /"Профессионально-педагогическая подготовка студентов к формированию у школьников научных понятий на основе межпредметных связей" (кыргызча: "Окуучулардын илимий түшүнүктөрүн предмет аралык байланыштын негизинде калыптандырууга студенттерди кесиптик-педагогикалык жактан даярдоо") деген аталышта бекитилген (архивдик материалдар тиркелет).

Тема бекитилгенден 20 жылдан ашык убакыт өткөндүгүнө байланыштуу аталган теманын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугун тактоо талап кылынат.

Лабораториянын талкуусунда окуучулардын илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу маселеси ар дайым актуалдуу экендиги, ошону менен катар темага айрым түзөтүүлөрдү киргизүү зарылдыгы айтылды. Жыйынтыгында лаборатория 1992-жылы ушул жерде бекитилген теманы «Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга студенттерди даярдоо» деп редакциялоону сунуштайт.

Лаборатория башчы менен изденүүчүнүн маалыматын угуп, Окумуштуулар кеңеши изилдөөнүн актуалдуулугу аныктыгын 1992-жылы бекитилген теманы «Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга студенттерди даярдоо» деп редакциялоо так, түшүнүктүү жана туура болорун белгилешти.

Талкуунун жыйынтыгында **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Изденүүчү Рапия Уркасымовна Исаеванын диссертациялык изилдөөгө алган проблемасынын учурда актуалдуу экендиги белгиленсин.
2. Р.У.Исаеванын1992-жылы 13.00.02.- окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (физика) адистиги боюнча бекитилген темасы "Окуучулардын физикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга студенттерди даярдоо" деп редакциялансын.
3. 1992-жылдагы чечимдин жаңы редакциясы бекитилсин.

*Токтом бир добуштан кабыл алынды.*

**КББАнын Окумуштуулар кеңешинин**

**төрагасы, п.и.д., профессор:** **А.М.Мамытов**

**Окумуштуу катчы, п.и.к., а.и.к.:** **Б.Б.Мурзаибраимова**